| | | |
|---|---|---|
| **КЫГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ТОҢ РАЙОНУ**<br>**АК-ТЕРЕК АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ**<br>**КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТОНСКИЙ РАЙОН**<br>**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**<br>**АК-ТЕРЕК** |

Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин VII-чакырылышынын
II-кезексиз сессиясынын

**Т О К Т О МУ**

2024-жылдын 29-февралы №3 Кара-Коо айылы

**"Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кенеши"**
**мекемесин түзүү жөнүндө**

"Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 24 Жарлыгы менен бекитилген пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө Убактылуу жобону жетекчиликке алып жергиликтүү кенеш **токтом кылат:**

1. "Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кенеши" мекемеси Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 24 Жарлыгы менен бекитилген пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндөгү Жобонун негизинде Көл-Төр айылдык кенеши бириккендигине байланыштуу түзүлгөн "Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кенеши" мекемеси мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

2. Жергиликтүү кеңештин уюштуруу-укуктук формасы – мекеме.
 жергиликтүү толук фирмалык аталышы:
 — Мамлекеттик тилде: "Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши" мекемеси;
 — Расмий тилде: Учреждение "Местный кенеш айылного аймака Ак-Терек";
 Айылдык кеңештин кыскартылган фирмалык аталышы:
 — Мамлекеттик тилде: " Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши" м-и;
 — Расмий тилде: У-е " Местный кенеш Ак-Терек";
 2.2. Мекеменин жайгашкан жери (юридикалык дареги): Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл облусу, Тоң району, Кара-Коо айылы, Батыркан көчөсү №29.
3. Юридикалык жактын уюштуруучусу -жергиликтүү кеңештин депутаттары.

4. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин Жобосу жаңы редакцияда бекитилсин.
5. Көл-Төр айылдык кенешинин жана Ак-Терек айылдык кеңешинин өткөрүп берүү актылары бекитилсин.
6. "Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кенеши" мекемесин Ысык-Көл облаcттык юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүү жагы айылдык кенештин жооптуу катчысы М.Эсеналиевага милдеттендирилсин.

7.Мамлекеттик каттоо жөнүндө чечимде андагы көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтерди маалыматтардын анык экендиги ырасталат.

7. Жергиликтүү кеңеш юридикалык жак катары Кыргыз Республикасынын Юстиция органынан мамлекеттик каттооолон өтсүн.
8. Токтом сайтка жайгаштырылып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
9. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Б.Б. Барыктабасов**